**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Нурсултан Жаныбекович Жаныбековдун жана Самат Аскарович Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы аныктамасына даттануусу боюнча

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 8-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.Ч. Жолдошева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Н.Ж. Жаныбековдун жана С.А. Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы №12-о аныктамасына даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Н.Ж. Жаныбековдун жана С.А. Матцаковдун өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, судья-баяндамачы К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2026-жылдын 12-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Н.Ж. Жаныбековдун жана С.А. Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-беренесинин 3-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Талашылып жаткан ченемде КЖКнын 137, 157, 158, 166, 167, 168, 172 жана 173-беренелеринде каралган кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адамдарга карата пробациялык көзөмөл колдонулбай тургандыгы каралат.

Кайрылуунун мазмунунан көрүнүп тургандай, арыз ээлери кылмыш-жаза жоопкерчилигинин чектерин жана жазык-укуктук таасир көрсөтүү чараларын колдонуу шарттарын аныктоо боюнча мыйзам чыгаруучунун ыйгарым укуктарын талашпайт. Ошол эле учурда, алар белгиленген чектөөлөр адилеттүүлүк, өлчөмдөштүк, гуманизм жана жоопкерчиликти жекелештирүү сыяктуу конституциялык принциптерге ылайык келиши керек деп эсептешет.

Арыз ээлеринин пикири боюнча талашылып жаткан ченем соттолгондордун белгилүү-бир категориясына карата жасалган жосундун квалификациясына гана таянып, пробациялык көзөмөлдү колдонууга абсолюттук жана шартсыз тыюу салууну белгилейт, бул сотко кылмыштын коомдук кооптуулугунун мүнөзүн жана деңгээлин, күнөөлүүнүн инсандыгын, жеңилдетүүчү жагдайлардын болушун, кылмыш жасалгандан кийинки адамдын жүрүм-турумун эске алуусуна мүмкүнчүлүк бербейт, муну менен соттолгон адамды коомдон обочолонтпостон жазалоо максаттарына жетүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Арыз ээлери өз позицияларын негиздөөдө пробациялык көзөмөл өзүнүн укуктук табияты боюнча кылмыш жоопкерчилигинен же жазадан бошотуу болуп саналбай тургандыгын, тескерисинче, мыйзам менен белгиленген

милдеттенмелер, чектөөлөр жана мамлекеттик көзөмөл менен байланышкан жазык жоопкерчилигин ишке ашыруунун формасын билдирерин белгилешет. Ушуга байланыштуу, алар соттолгондордун айрым категорияларына карата анын колдонулушун мыйзамда каралгандай алып салуу сотту кылмыш жоопкерчилигин жана жазаны жекелештирүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат деп эсептешет.

Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө шилтеме жасоо менен арыз ээлери талашылып жаткан жөнгө салуу өлчөмдөштүк талаптарына жооп бербей тургандыгын көрсөтүшкөн, анткени белгиленген тыюу салуу айырмалоочу мүнөзгө ээ эмес жана иштин конкреттүү жагдайларына соттук баалоо жүргүзүүгө жол бербейт. Алардын пикири боюнча, мындай жөнгө салуу коомдук жана жеке кызыкчылыктардын ортосундагы тең салмактуулукту бузат жана сот адилеттигин ишке ашырууда соттун дискрециялык ыйгарым укуктарын чектейт.

Мындан тышкары, арыз ээлери талашылып жаткан ченем Конституциянын 24-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептешет, анткени ал КЖКнын 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар үчүн соттолгон адамдарды иштин жеке жагдайларын эске алуу менен пробациялык көзөмөл колдонуу мүмкүнчүлүгү сакталып калган башка соттолгондорго караганда кыйла жагымдуу эмес абалга коёт.

Ошондой эле арыз ээлери талашылып жаткан ченемдин Конституциянын 56-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келээрин белгилеп, соттолгондордун белгилүү-бир категориясы үчүн пробациялык көзөмөлдү алып салуу сот адилеттигинин жекелештирилген, калыс жана өлчөмдөштүк кепилдиктеринин кыскарышына алып келгенин белгилешет.

Муну менен катар эле арыз ээлери талашылып жаткан укуктук жөнгө салуу Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргоо укугуна таасир этет деп эсептешет, анткени ал соттордун иштин

жагдайлары жана соттолгон адамдын инсандыгы адамды коомдон обочолонтпостон жазанын максаттарына жетүүгө мүмкүн болоорун көрсөткөн учурларда да пробациялык көзөмөлдү колдонууга тыюу салат.

Өз позицияларын негиздөөдө арыз ээлери эркиндигинен ажыратууга альтернативалык чараларды өнүктүрүү жана жазык-укуктук таасир этүү чараларын жекелештирип колдонууну камсыз кылуу зарылдыгын караган адам укуктары жана соттолгондорго мамиле кылуу чөйрөсүндөгү эл аралык-укуктук актылардын жоболоруна шилтеме жасашат.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, арыз ээлери талашылып жаткан ченемди сотко конкреттүү иштин жагдайларын, соттолгон адамдын инсандыгын, жосундун коомдук кооптуулук деңгээлин жана адамды коомдон обочолонтпостон жазалоо максаттарына жетүү мүмкүнчүлүгүн бербестен, пробациялык көзөмөлдү колдонууга толук тыюу салган бөлүгүндө Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнүшөт.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы аныктамасы менен Н.Ж. Жаныбековдун жана С.А. Матцаковдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясынын аныктамасында кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясы колдонулаары көрсөтүлгөн. Ушуга байланыштуу кайрылуу талашылып жаткан ченемдин Конституцияга шайкештиги маселесинде конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар экендигин далилдеген жүйөөлөрдү камтышы керек, ал эми мыйзамдык жөнгө салуу менен макул эместик өзүнчө алганда конституциялык өндүрүштү баштоого негиз болуп саналбайт. Судьялар коллегиясы төмөнкү негиздерден улам арыз ээлеринин жүйөөлөрүнөн мындай аныксыздыкты тапкан жок.

Кайрылуунун субъекттери КЖКнын 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялык эмес экендигин аталган ченемде пробациялык

көзөмөлдүн колдонулушу мыйзам менен түздөн-түз тыюу салынган кылмыштарды жасаган адамдарга карата бул институтту колдонуу маселесинде жекелештирилген соттук баа берүүнүн мүмкүндүгүнүн жоктугу менен байланыштырышат.

Кылмыш-жаза мыйзамы инсандын, коомдун жана мамлекеттин укуктарын жана эркиндиктерин кылмыштуу кол салуулардан коргоого, кылмыштуулуктун алдын алууга жана социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө багытталган. Ушундан алганда мыйзам чыгаруучу кылмыш-жаза жоопкерчилигинин негиздерин, кылмыш жасоонун жазык-укуктук кесепеттеринин түрлөрүн, ошондой эле жазадан бошотуу же аны өтөө чараларын колдонуу шарттарын аныктайт (КЖКнын 1, 2 жана 10-беренелери).

Ошол эле учурда кылмыш-жаза мыйзамы адилеттүүлүк, өлчөмдөштүк жана жоопкерчиликти жекелештирүү принциптерине негизденет, алар оболу кылмыш ишин кароо жана жазаны белгилөө стадиясында ишке ашырылат. Жазык-укуктук таасир этүү чараларын аныктоодо сот жасалган жосундун мүнөзүн жана коомдук кооптуулугунун деңгээлин, аны жасаган жагдайларды, күнөөлүү адамдын өздүк маалыматтарын жана адилеттүү чечим чыгаруу үчүн маанилүү болгон башка жагдайларды эске алууга милдеттүү (КЖКнын 6, 7, 72-беренелери).

Демек, кылмыш-жаза жоопкерчилигин жекелештирүү принциби адамдын күнөөлүүлүгү жана ага жаза белгилөө маселесин чечүүдө конкреттүү иштин бардык жагдайларына соттук баа берүү аркылуу камсыз кылынат.

КЖКнын 82-беренесинде каралган пробациялык көзөмөл бул дайындалган жазаны өтөөдөн бошотуунун атайын кылмыш-жаза укуктук механизми болуп саналат, аны колдонуу үчүн шарттар болгондо жана мыйзамда белгиленген чектерде гана жол берилет. Андыктан, мыйзам чыгаруучу тарабынан аны айрым категориядагы кылмыштарга карата колдонууга тыюу салуу кылмыш жоопкерчилигин жекелештирүү

механизмдерин козгобойт жана сотту жаза дайындоодо конкреттүү иштин жагдайларын эске алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт. Талашылып жаткан жөнгө салуу жазаны өтөөдөн бошотуунун атайын институттарынын бирин колдонуунун чектерине гана тиешелүү, ал эми соттун жаза дайындоо боюнча ыйгарым укуктары толук сакталат.

Конституция улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын, ошондой эле башкалардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында мыйзам менен укуктарды жана эркиндиктерди чектөөгө жол берет.

Кылмыш-жаза мыйзамдары коомдук коопсуздукту камсыз кылуунун жана конституциялык маанилүү баалуулуктарды коргоонун негизги инструменттеринин бири болуу менен мамлекеттин кылмыш-жаза укук саясатынын мазмунун аныктоодо мыйзам чыгаруучуга кеңири ыйгарым укуктарды берүүнү болжойт. Мындай ыйгарым укуктардын чегинде мыйзам чыгаруучу түзүлгөн криминогендик кырдаалга, кылмыштардын айрым түрлөрүнүн мүнөзүнө жана коомдук коптуулугунун деңгээлине, алардын жайылышына жана жеке адамды, коомду жана мамлекетти натыйжалуу коргоону камсыз кылуу зарылчылыгына таянып, кылмыш жоопкерчилигинин негиздерин жана чектерин, ошондой эле жазадан бошотуунун же аны өтөөнүн айрым институттарын колдонуу шарттарын белгилөөгө укуктуу (Конституциялык соттун 2022-жылдын 28-декабрындагы, 2024-жылдын 21-июнундагы, 2024-жылдын 2-октябрындагы чечимдери).

Арыз ээлери талашып жаткан мыйзамдык жөнгө салуу өзүм билемдик мүнөзүндө эмес. КЖКнын 137, 157, 158, 166, 167, 168, 172 жана 173-беренелери менен каралган кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адамдарга карата пробациялык көзөмөлдү колдонуу мүмкүнчүлүгүн алып салуу аталган ченемдер менен корголгон коомдук мамилелердин өзгөчө маанилүүлүгү, тиешелүү жосундардын жогорку коомдук коптуулугу, ошондой эле адам

укуктарына жана эркиндиктерине, үй-бүлөнүн, жашы жете электердин жана жалпы эле коомдун кызыкчылыктарына коркунуч келтирген терс социалдык көрүнүштөргө каршы туруу зарылдыгы менен шартталган.

Жазык-укук саясатын түзүүдө мыйзам чыгаруучу кылмыштын абстракттуу оордугун гана эмес, ошондой эле мамлекет менен коомдун алдында турган актуалдуу чакырыктарды, анын ичинде айрым кылмыштын түрлөрүнүн жайылуу динамикасын, кыйла аялуу категориядагы адамдарды жазык-укуктук корголушун күчөтүү боюнча коомдук муктаждыкты, ошондой эле кылмыш-жаза мыйзамынын алдын алуучу таасирин бекемдөө зарылдыгын эске алууга укуктуу. Тиешелүү түрдө, кылмыш-жаза укугунун айрым институттарын колдонуу үчүн өзгөчө шарттарды белгилөө мыйзам чыгаруу дискрециясын жүзөгө ашыруунун формаларынын бири болуп саналат жана өзүнчө алганда, адилеттүүлүктүн, теңчиликтин же гуманизмдин конституциялык принциптеринин бузулушунун далили катары каралышы мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда, талашылып жаткан ченем сот адилеттигин жүргүзүү боюнча соттун ыйгарым укуктарын козгобойт же жазаны белгилөөдө соттун дискрециясынын тарышына алып келбейт. Сот кылмыш-жаза мыйзамдарында каралган кылмыш жоопкерчилигин жекелештирүү, анын ичинде жосундун коомдук кооптуулугунун мүнөзүн жана деңгээлин, күнөөлүүнүн өздүгүн, жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды, келтирилген зыяндын көлөмүн жана иштин башка жагдайларын баалоо мүмкүнчүлүгүн толук көлөмдө сактайт. Дал ушул жаза белгилөө стадиясында жазык-укуктук таасир этүүнүн адилеттүүлүк, өлчөмдөштүк жана жекелештирүү конституциялык талаптары ишке ашырылат.

Соттолгондордун айрым категорияларына карата пробациялык көзөмөлдү колдонуу мүмкүнчүлүгүн алып салуу жазаны белгилөө маселесине эмес, аны өтөөдөн бошотуунун атайын укуктук механизмин колдонуу

маселесине кирет. Ошондуктан, бул институтту колдонуунун чектерин мыйзамдык аныктоо соттун функциясын чектөөнү билдирбейт, тескерисинче, сот үчүн кылмыш-укуктук мүнөздөгү конкреттүү чараны колдонуунун милдеттүү шарттарын белгилөөнү билдирет.

Арыз ээлеринин кылмыш жоопкерчилигине тартылган адамдардын конституциялык укуктарынын бузулгандыгы жөнүндө жүйөлөрү да негиздүү деп таанылышы мүмкүн эмес. Кылмыш жасоо мамлекет менен жазык-укуктук тыюуну бузган адамдын ортосунда өзгөчө жазык-укуктук мамилелердин келип чыгышына алып келет, анын чегинде мамлекет мыйзамда каралган жоопкерчилик чараларын колдонууга укуктуу. Конституция кылмыш жасаган адамга аны жазадан бошотуунун же жаза өтөөнүн белгилүү бир түрүн колдонуу укугун кепилдебейт. Тиешелүү түрдө соттолгондордун айрым категорияларына карата пробациялык көзөмөлдү колдонууга мыйзамдык мүмкүнчүлүктүн жоктугу алардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин четке кагуу же азайтуу катары каралышы мүмкүн эмес.

Ошондой эле арыз ээлеринин эл аралык стандарттарга шилтемелери да конституциялык-укуктук кемчиликтин бар экендигин тастыктай албайт, анткени бул актылар бардык категориядагы кылмыштарга карата пробациялык көзөмөлгө жол берүү талабын камтыбайт, бул мамлекеттерге аны колдонуунун шарттарын жана чектерин аныктоодо эркиндик берет.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, судьялар коллегиясы талашылып жаткан укуктук жөнгө салуу мыйзам чыгаруучунун кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндө ага таандык дискрециялык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруусунун натыйжасы болуп саналат, ал инсанды, коомду жана мамлекетти эң кооптуу кылмыштуу кол салуулардан коргоонун конституциялык жактан маанилүү максаттарына жетүүгө багытталган, сот тарабынан кылмыш жоопкерчилигин жана жазаны жекелештирүүнү жокко чыгарбайт, соттук коргоо укугун чектебейт жана анын Конституцияга шайкештиги маселесинде

конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар экендигинин далили боло албайт деген тыянакка келди.

Судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, Н.Ж. Жаныбеков жана С.А. Матцаков 2026-жылдын 23-июнунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылышкан.

Арыз ээлери, кайрылууда судьялар коллегиясы талашылып жаткан жөнгө салуунун укуктук табиятына, мыйзам чыгаруучунун кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарынын чектерине, кылмыш жоопкерчилигин жекелештирүү, соттук коргоо, теңчилик, эл аралык стандарттар маселелерине баа бергендиктен, кайрылууну алдын ала кароо этабында коюлган маселени маңызы боюнча иш жүзүндө карап чыккандыгын көрсөтүшкөн.

Арыз ээлери, ошондой эле судьялар коллегиясы кайрылуунун предметин туура эмес аныктап, аны мыйзам чыгаруучунун пробациялык көзөмөлдү колдонуу шарттарын белгилөө укугу жөнүндө маселесине чейин кыскарткан деп эсептешет, ал эми алар көтөргөн маселе конкреттүү иштин жагдайларын жекелештирип соттук баалоо мүмкүнчүлүгүсүз пробациялык көзөмөлдү колдонууга абсолюттук тыюу салуунун жол берилишин текшерүүдө болгон.

Алардын пикири боюнча соттун жазаны белгилөө боюнча ыйгарым укуктарын сактап калуу өзүнчө алганда конституциялык-укуктук көйгөйдү чечпейт, анткени эркиндигинен ажыратууга реалдуу альтернатива жок болгондо жана пробациялык көзөмөлгө мыйзамдык жактан тыюу салынганда, кылмыш-укуктук таасир этүүнү жекелештирүү формалдуулукка айланат.

Арыз ээлери, ошондой эле судьялар коллегиясы тарабынан соттук коргоо укугунун, теңчилик принцибинин жана эл аралык стандарттардын бузулушу жөнүндө алардын жүйөлөрүнө тийиштүү баа берилген эмес, Конституция жазадан бошотуунун конкреттүү түрүн колдонуу укугун кепилдебейт, ал эми эл аралык актылар бардык категориядагы кылмыштарга пробациялык

көзөмөлдү колдонууну талап кылбайт деген жалпы көрсөтмө берүү менен чектелди деп эсептешет.

Жалпысынан алганда, даттануунун авторлору баштапкы кайрылуусунда баяндалган өз жүйөлөрүн кайталап, аларды талашылып жаткан ченемдин укуктук аныксыздыгын көрсөткөн так жана негиздүү деп баса белгилешет.

Аларды жыйынтыктап, арыз ээлери Конституциялык соттон төмөнкү маселелер боюнча конституциялык-укуктук талаш-тартыштын предметинин бар же жок экендиги жөнүндө жооп берүүнү кайталап суранышкан: пробациялык көзөмөлгө тыюу салуу соттук жекелештирүүнүн реалдуулугуна таасир этпейби; эгерде сот формалдуу түрдө жаза белгилесе, бирок адамды коомдон обочолонтпостон, жазанын максаттарына жетүү жөнүндө маселени баалоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылса, жекелештирүү сакталды деп эсептелиши мүмкүнбү; пробациялык көзөмөл жазаны өтөөдөн бошотуунун атайын институту болуп эсептелеби же ал да иш жүзүндө жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн жекелештирүү формасы болуп саналабы; конкреттүү иштин жагдайларын эске албастан пробациялык көзөмөлдү абсолюттук мыйзамдык алып салууга жол берилеби; жазык саясатына шилтеме жасоо конституциялык-укуктук аныксыздыктын жоктугу жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн жетиштүү болуп саналабы; талашылып жаткан ченем өлчөмдөштүк, теңчилик, соттук коргоо жана укуктар менен эркиндиктерди басмырлоого тыюу салуу принциптерине ылайык келеби; эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган чараларга абсолюттук тыюу салуунун жол берилишин баалоодо эл аралык стандарттар, анын ичинде Токио эрежелери кандайча эске алынышы керек?

Баяндалгандарды эске алуу менен Н.Ж. Жаныбеков жана С.А. Матцаков судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алууну өтүнүшөт.

Конституциялык сот оболу, конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн жогорку деңгээлин ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпция принцибин этибарга албай, ар бир адамдын кандай болбосун мыйзамды же мыйзамдык актыны биринчи эле мүмкүнчүлүк болгондо талашууга ажыралгыс укугу катары кароого болбой тургандыгы жөнүндө мурда бир нече жолу айтылган укуктук позицияга көңүлдү бурат. Ошондуктан “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата ынандырарлык жана айкын укуктук себептерсиз конституциялык өндүрүштү козгоого жол бербөө, ар бир жолу өлкөнүн укуктук системасынын жашоого жөндөмдүүлүгүнө шек келтирбөө сыяктуу талаптар каралган.

Дал ушул талаптарды эске алуу менен, судьялар коллегиясы кайрылууну алдын ала текшерүү жүргүзөт жана анын конституциялык сот өндүрүшүндө кароонун жол берилиши жөнүндө чечим кабыл алат, мындай чечимдин кабыл алынышы арыз ээлеринин аталган кайрылууларына байланыштуу болду.

Даттанууну кароодо, Конституциялык сот судьялар коллегиясынын аныктамасын кайрылууда баяндалган аргументтердин чегинде, ошондой эле судьялар коллегиясынын тыянактарын жокко чыгарууга багытталган жүйөлөрдү эске алуу менен процессуалдык кайра кароону ишке ашырат.

Ошентип, талашылып жаткан ченемде конституциялык-укуктук кемчиликтин болушу жана кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуу зарылдыгы жөнүндө даттануунун авторлорунун жүйөлөрү жана аргументтери боюнча Конституциялык сот төмөнкү тыянактарга келди.

1. Арыз ээлеринин судьялар коллегиясы кайрылууну алдын ала текшерүү стадиясында коюлган маселени маңызы боюнча иш жүзүндө карап чыккан жана анын аныктамасы конституциялык-укуктук аныксыздыкты чечтетпейт, тескерисинче анын бар экендигин тастыктайт деген ырастоосу боюнча.

Кайрылууну алдын ала текшерүү стадиясы конституциялык сот өндүрүшүндөгү көз карандысыз жана милдеттүү процессуалдык фильтр болуп саналат. Кайрылууну анын жол берилиши предметине текшерүү формалдуу мүнөздө болушу мүмкүн эмес. Талашылып жаткан ченемдин Конституцияга шайкештиги маселесинде реалдуу конституциялык-укуктук белгисиздиктин бар же жок экендигин аныктоо үчүн судьялар коллегиясы талашылып жаткан жөнгө салууну конституциялык баалуулуктар менен өз ара байланышта системалык талдоодон өткөрөт.

Талашылып жаткан аныктаманын мазмунунан белгилүү болгондой, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусу дал ушул объективдүү тастыкталган конституциялык-укуктук талаш-тартыштын жоктугунан улам келип чыккан. Бул тыянакты негиздөөдө судьялар коллегиясы талашылып жаткан жөнгө салуунун укуктук табиятын жана конституциялык-укуктук белгисиздикти аныктоо предметине мыйзам чыгаруу дискрециясынын алкактарын изилдеп чыккандыгынын фактысы иштин маңызы боюнча алдын ала чечим чыгаруусу эмес, укуктук фильтрлөөнүн зарыл элементи болуп саналат.

2. Судьялар коллегиясы кайрылуунун предметин туура эмес аныктаган, мыйзам чыгаруучунун кеңири дискрециясына, анын чектерин эске албастан негизсиз шилтеме жасаган, ошондой эле конституциялык көйгөй жекече баалоонун  соттук мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугунда деген жүйөлөрү боюнча.

Кайрылуу предмети судьялар коллегиясы тарабынан баштапкы өтүнүчтүн түздөн-түз мазмунуна таянуу менен туура аныкталган. Даттануунун авторлору тарабынан пробациялык көзөмөлдү колдонууга абсолюттук мыйзамдык тыюу салуунун жол берилбестиги жөнүндө көтөрүлгөн маселени мамлекеттин кылмыш-жаза саясатын түзүү чөйрөсүндө мыйзам чыгаруучунун дискрециясын жалпы баалоодон бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Кандай болбосун жазык-укуктук жөнгө салуу конституциялык баалуулуктардын тең салмактуулугунун сакталышы предметине конституциялык контролдоо органы тарабынан текшерилет. Аталган учурда, пробациялык көзөмөлдү колдонуунун императивдик алкактарын түзүү, судьялар коллегиясы туура белгилегендей өзүм билемдик эмес. Мыйзам чыгаруунун мындай чектери мамлекеттин башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу боюнча конституциялык милдети менен шартталган. Тиешелүү жөнгө салуу өлчөмдөштүк принцибине туура келип, укук тартибинин абалына, коомдук өнүгүүнүн бул же тигил этабындагы айрым кылмыштуу жосундардын коомдук коркунучтуулугунун мүнөзүнө жана деңгээлине адекваттуу болушу керек. Алсак, аталган учурда – ал жарандарды үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик шартталган зомбулуктун кыйла коркунучтуу түрлөрүнөн натыйжалуу коргоону камсыз кылууга тийиш.

Арыз ээлеринин жогоруда белгиленген судьялар коллегиясынын тыянактары менен кескин макул эместиги алардын мамлекеттин учурдагы жүргүзүп жаткан кылмыш саясатынын багытын, ошондой эле адамдардын жана жалпы коомдун укуктарына жана эркиндиктерине чоң коркунуч келтирген кылмыш иштерин жасаган соттолгондордун айрым категорияларына карата пробациялык көзөмөлдү колдонуу маселелери боюнча укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн субъективдүү кабылдоосун жана түшүнүүсүн гана көрсөтүп турат.

Арыз ээлеринин укуктук жөнгө салуунун бул же тигил маселелери боюнча субъективдүү позициясы жана баа берүүсү ишти конституциялык сот адилеттигинин алкагында кароону талап кылган, ченемдеги конституциялык кемчиликтин бар экендигинин далили боло албайт.

3. Арыз ээлеринин судьялар коллегиясы пробациялык көзөмөл маселесин жазаны жекелештирүүдөн негизсиз бөлгөндүгү, ошондой эле талашылып жаткан тыюу салуунун эркиндигинен ажыратуунун реалдуу

альтернативасынын жоктугу менен системалуу байланышы жөнүндөгү жүйөнү этибарга алган эмес деген аргументи боюнча.

КЖКнын 6, 7 жана 72-беренелерине ылайык, кылмыш жоопкерчилигинин адилеттүүлүк, өлчөмдөштүк жана жекелештирүү принциптери жалпы юрисдикциядагы сот тарабынан кылмыш ишин маңызы боюнча кароо жана жазаны белгилөө стадиясында толук ишке ашырылат. Дал ушул стадияда сот жосундун коомдук коркунучтуулугунун мүнөзүн жана даражасын, кылмышкердин инсандыгын, жосундун себептерин жана ар кандай жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды ар тараптуу баалоо үчүн максималдуу дискрецияга ээ.

Мындан тышкары, беренелердин талашылып жаткан ченемде каралган санкциялары коомдон обочолонтууну камтыбаган жазанын альтернативдүү түрлөрүн камтыйт. Белгиленген санкциялардын ичинде белгилүү бир жазаны тандап алуу менен, сот өкүм чыгарууда кылмыш-жаза-укуктук чараларды жекелештирүү механизмдерин толук колдонот. Эгерде соттук териштирүүнүн жыйынтыгында сот жеңилирээк жаза мүмкүн эмес деген тыянакка келип, эркиндигинен ажыратуу жазасын белгилесе, анда соттун жеңилдетүүчү факторлорду эске алуу мүмкүнчүлүгү буга чейин эле толук колдонулган деп логикалык жактан болжолдонот. Мыйзамдын түздөн-түз императивдик тыюу салууларын айланып өтүп, соттун дискрециясын андан ары кеңейтүү кылмыш жоопкерчилигинин максаттарына жана жазанын болбой койбостугу принцибине карама-каршы келмек.

Пробациялык көзөмөл өзүнүн укуктук табияты боюнча кылмыш-жаза мыйзамы менен белгиленген, сот тарабынан мыйзамда каралган негиздердин жана чектөөлөрдүн чектеринде колдонулган кылмыш-укуктук таасир этүү чарасы болуп саналат; андыктан аны колдонуу маселесин чечүүдө соттун чечими эркин же өзүм билемдик эмес, тескерисинче, юридикалык жактан так

негизделген мүнөздө жана мыйзам чыгаруучу тарабынан аныкталган алкакта гана ишке ашырылат.

4. Арыз ээлеринин пробациялык көзөмөлгө абсолюттук мыйзамдык тыюу салуу соттук коргоо укугун, мыйзам жана сот алдындагы бирдейлик принциптерин, ошондой эле чектөөлөрдүн өлчөмдөштүк талабын бузат деген жүйөсү боюнча.

Конституциянын 24-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, бирдейлик принциби бирдей юридикалык шарттарда болгон адамдар үчүн бирдей укуктук мамилени камсыз кылууну билдирет. Талашылып жаткан жөнгө салуу жынысы, расасы, тили же социалдык абалы боюнча кандайдыр бир басмырлоосуз, КЖКнын 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктунда саналган кылмыштар үчүн соттолгон бардык субъекттерге жайылтылат. Пробацияны колдонуу шарттарын дифференциациялоо кылмыштуу жосундардын мүнөзү жана кылмыштуу жосундардын коомдук коркунучтуулугу менен шартталат.

Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргоо укугу да бузулган же формалдуу деп эсептелиши мүмкүн эмес. Жалпы юрисдикциядагы соттор далилдерди изилдөөдө, иштин фактылык жагдайларын аныктоодо же тандалган жаза чарасын негиздөөдө эч кандай чектөөлөргө дуушарланбайт. Адамдын белгилүү бир категориядагы кылмыштарды жасагандыгы үчүн жаза өтөөдөн бошотуунун конкреттүү түрүн талап кылууга болгон мыйзамдуу укугунун жоктугу анын конституциялык укуктарын бузуу деп эсептелбейт, анткени соттук коргоо укугу кылмыш-жаза мыйзамында каралган кандайдыр бир жеңилдик чарасын колдонууга болгон шартсыз талапты камтыбайт. Мыйзам чыгаруучу тиешелүү кылмыштык кол салуулардын коомдук кооптуулугунун мүнөзүнөн жана даражасынан алганда, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана конституциялык бакубаттыктарды кылмыш-жаза-укуктук коргоонун жетиштүү деңгээлин сактоо зарылдыгы менен шартталган учурларда кылмыш-жаза укуктук жеңилдетүүнүн айрым

институттарын колдонууну алып салуу менен, алардын жасалышынын укуктук кесепеттерин дифференцациялоого укуктуу.

Жогоруда белгиленгендер мыйзам чыгаруучунун адам укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгарууга же кемитүүгө тыюу салган конституциялык кепилдиктерди камсыз кылуу контекстинде кылмыштардын квалификациялык белгилерин да, жеке жоопкерчиликтин чектерин да системалуу жана ырааттуу дифференцациялагандыгын көрсөтүп турат.

5. Даттануунун авторлорунун судьялар коллегиясы эл аралык стандарттар жөнүндө алардын аргументтерин формалдуу түрдө четке кагып, БУУнун Токио эрежелеринин мазмунун эске албагандыгы жөнүндөгү аргументтери боюнча.

БУУнун темир торго камоо (Токио эрежелери) менен байланышпаган чаралар боюнча минималдуу стандарттык эрежелери улуттук укуктук системаларды өнүктүрүү үчүн маанилүү эл аралык укуктук багыттама болуп саналат. Бирок, бул стандарттар жазанын белгилүү бир түрлөрүн жана аларды колдонуу шарттарын аныктоо бөлүгүндө кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ.

Токио эрежелери укук бузуучунун укуктарынын, жабырлануучулардын укуктарынын жана коомдук коопсуздук кызыкчылыктардын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу максатында эркиндигинен ажыратуунун альтернативалуу чараларын колдонууга акылга сыярлык чектөөлөрдү белгилөө боюнча ар бир мамлекеттин көз карандысыз укугун ачык тааныйт. Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштер боюнча пробацияга атайын тыюу салууну киргизүү Кыргыз Республикасынын аялдардын жана балдардын укуктарын ырайымсыз мамиледен коргоо боюнча эл аралык милдеттенмелеринин духуна толугу менен шайкеш келет.

6. Арыз ээлеринин пикири боюнча конституциялык-укуктук талаш-тартыштын маңызын түзгөн жана конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында

каралууга тийиш болгон маселелерге Конституциялык соттун, алардын өтүнүчү боюнча жообу тууралуу.

Судьялар коллегиясынын негизги тыянактары, ошондой эле жогоруда баяндалган конституциялык-укуктук жоболор коюлган маселелерге жетиштүү жооп берет, ал конституциялык контролдоо органынын кайрылууларды алдын ала кароо жол-жоболоруна карата мыйзамда белгиленген талаптардын алкагында коюлушу мүмкүн жана даттанылып жаткан ченемде конституциялык-укуктук белгисиздиктин жоктугу жөнүндө айгинелейт.

Конституциялык сот КЖКнын 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктунда белгиленген кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн атайын чектөөчү чаралары, азыркы тарыхый этапта коомдун алдында турган учурдагы социалдык-укуктук маселелер жана криминогендик чакырыктар менен шартталгандыгын, кошумча баса белгилөө зарыл деп эсептейт.

Талашылып жаткан пробациялык көзөмөлдү колдонууга тыюу салуу өзүнүн табияты боюнча туруктуу мүнөзгө ээ эмес жана мыйзам чыгаруучу тарабынан социалдык кырдаалга, коомдук коопсуздуктун абалына жана өлкөдөгү укуктук тартипке жараша өзгөртүлүшү, чектелиши же толугу менен жокко чыгарылышы мүмкүн.

Ошентип, Конституциялык сот кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу менен судьялар коллегиясы ага берилген өз ыйгарым укуктарынын чегинде иш жүргүзгөн жана арыз ээлери келтирген жүйөлөргө кайрылуунун жол берилишин текшерүү үчүн зарыл болгон көлөмдө талаптагыдай баа берген деген тыянакка келди.

Даттануунун авторлорунун жүйөлөрү жана аргументтери алардын мыйзам чыгаруучу тарабынан тандалган кылмыш-жаза укуктук жөнгө салуу моделине иш жүзүндө макул эместигин билдирет жана конституциялык сот өндүрүшүн козгоо үчүн милдеттүү шарт болгон конституциялык аныксыздыктын бар экендигин айгинелебейт.

Мындай жагдайларда, Конституциялык сот Н.Ж. Жаныбеков менен С.А. Матцаковдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндөгү 2026-жылдын 10-июнундагы судьялар коллегиясынын аныктамасын жокко чыгаруу үчүн укуктук негиздер жок деген тыянакка келген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин жана 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Н.Ж. Жаныбековдун жана С.А. Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана ага кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**